DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2019

*Байдилдеев Ж., Тагайбаев Н.*

# ОСМОНКУЛ АЛИЕВДИН КАЗАК-КЫРГЫЗ АГАРТУУ ИНСТИТУТУНДА ОКУГАН ЖЫЛДАРДАГЫ АГАРТУУЧУЛУК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН БАШАТЫ ЖАНА КЫРГЫЗ ИЛИМИНИН ТҮПТӨӨЧҮСҮ

*Байдилдеев Ж., Тагайбаев Н.*

# НАЧАЛО ПРОСВЕТИТЕЛЬСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ОСМОНКУЛ АЛИЕВА В ГОДЫ УЧЕБЫ В КАЗАХСТАНСКО-КЫРГЫЗСКОМ ИНСТИТУТЕ И ОСНОВАТЕЛЬ КЫРГЫЗСКОЙ НАУКИ

*Zh. Baidildeev, N. Tagaibaev*

# THE BEGINNING OF THE EDUCATIONAL ACTIVITY OSMONKUL ALIYEV DURING HER STUDIES AT THE KAZAKH-KYRGYZ INSTITUTE AND FOUNDER OF KYRGYZ SCIENCE

*УДК: 941 (47):1(091) (575.2)*

*Бул макалада Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн кыргыз интеллигенциясынын көрүнүктүү өкүлү Осмонкул Алиевдин Казак-кыргыз агартуу институтунда билим алуусу жана агартуучулук ишмердүүлүгү баяндалат. Бул мезгилдердеги тарыхый окуяларды баяндоодо Казакстандын жана Кыргызстандын архивдеринен алынган жаны архивдик материалдар пайдаланылды. Макалада Кыргызстанда илимдин калыптанышына жана өнүгүүсүнө орус окумуштуулары менен катар эле карапайым кыргыз элинин ичинен чыккан, элдин келечегине өз өмүрүн арнаган кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөө менен бирге илимге да жан-дили менен кызмат кылган белгилүү инсандарды унутта калбай Осмонкул Алиевдин агартуучулук ишмердүүлүгү менен бирге баяндалды. Илимдер Академиясы түзүлгөнгө чейин эле кыргыз агартуучулары – Эшенаалы Арабаев, Базаркул Данияров, Касым Тыныстанов, Осмонкул Алиев ж.б. кыргыз тилинин алфавитин, кыргыз алиппесин, башталгыч класстын окуучулары үчүн жана сабатсыз чоңдорго окуу китебин түзүү сыяктуу иштерди аткарууга зор аракеттерди жасашкандыгы макалада берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *Кыргыз интеллигенциясы, Түркстан, Казак-кыргыз агартуу институту, Ак-жол, илим, билим, алфавит, алиппе, биринчи редактор, Комсомол, репрессия.*

*В статье отражена деятельность видного деятеля кыргызской интеллигенции, который стоял у истоков становления Кыргызской советской государственности в сфере образования, также его активное участие в общественно-политической жизни региона в годы учебы в Казахско-кыргызском институте просвещения. В статье использованы новые материалы архивов Казахстана и Кыргызстана. В данной статье наряду с российскими учеными в Кыргызстане сформулирована и представлена просветительская деятельность выдающихся людей, посвятивших свою жизнь становлению и развитию науки, а также выдающихся деятелей науки, посвятивших свою жизнь будущему народу. Еще до создания Академии наук кыргызские просветители-Арабаев Эшеналы, Данияров Базаркул, Тыныстанов Касым, Алиев Осмонкул и другие. В статье рассказывается о том, как предпринимаются большие усилия для создания алфавита кыргызского языка, кыргызского алфавита, учебника для учащихся начальных классов и неграмотных взрослых.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызская интеллигенция, Туркестан, Казахско-кыргызский институт просвещения, Ак-жол, наука, образования, алиппе, первый редактор, комсомол, репрессия.*

*The article reflects the activities of a prominent figure of the Kyrgyz intelligentsia, who stood at the origins of the formation of the Kyrgyz Soviet statehood in the field of education, as well as his active participation in the economic and political life of the region during his studies at the Kazakh-Kyrgyz Institute of education. The article uses new materials of the archives of Kazakhstan and Kyrgyzstan. In this article, along with Russian scientists in Kyrgyzstan, the educational activities of outstanding people who devoted their lives to the formation and development of science, as well as outstanding scientists who devoted their lives to the future people are formulated and presented. Even before the creation of the Academy of Sciences, Kyrgyz educators-Arabaev Eshenaly, Daniyarov Bazarkul, Tynystanov Kasym, Aliyev Osmonkul and others. The article describes how great efforts are being made to create an alphabet of the Kyrgyz language, the Kyrgyz alphabet, a textbook for primary school students and illiterate adults.*

***Key words:*** *Kyrgyz intelligentsia, Turkestan, Kazakh-Kyrgyz Institute of education, Ак-zhol, science, education, alippe, first editor, komsomol, repression.*

1920-1930-жылдарда Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө чоң салымын кошкон кыргыздын көрүнүктүү коомдук-саясий ишмери, алгачкы агартуучулардын бири Осмонкул Эгимбаевич Алиев 1903-жылы Чүйдүн батыш тарабында, азыркы Панфилов районунун аймагында жайгашкан Чолок-Арык айылында туулган. Кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө тарбияланган, энеси эрте жашта каза болгондуктан атасы Эгимбай баласынын чыйрак, зээндүү экендигине көзү жетип мектепке берет [1, 12-б.]. Атасы Эгимбай баласынын өзү сыяктуу кедей болбостон, илим-билимге умтулуп, билимдүү болушун

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



каалаган. Ошол себептүү баласын окутууну чечет.

Алиевдин атасы Эгимбай баласын окутуу үчүн Мерке шаарына алып барат. Меркедеги орус-тузем мектебинде окушунун себеби Чолок-Арык Мерке Пишпекке караганда жакын жайгашкандыктан 1910-жылы Меркедеги орус-тузем мектебине окууга берет. Ал мезгилде Осмонкул 8 жашта болгон. Мектеп-интернат болгондуктан алыстан келип билим алгандарга жатакана берилген, Осмонкул Меркеде 6 жыл калып окуйт.

Осмонкул бул мектептен орус, казак балдарына аралашып, орус жана казак тилдерин жакшы өздөштүрөт жана мындан ары да билимин тереңдетип улантуу каалоосу пайда болот. Интернаттын катаал шарттарына карабастан башталгыч мектепти кыйналып кысталса да тырышчаактык менен 1916-жылы бүтүрүп, туулуп-өскөн айылы Чолок-Арыкка келет. Ошол эле жылы орус падышачылыгынын катаал саясатына каршы Орто Азия элдери улуттук-боштондук курөшүн баштаган. Көтөрүлүштүн натыйжасында падыша аскерлери көтөрүшкө чыккан элди аёосуз жазалаган. Кыргыз эли саясий бытырандуулукка кабылып Кытайга качып, бир тобу кырылып, тарыхтагы эң оор мезгилди башынан өткөрүп жаткандыктан Осмонкул билим алуусун андан ары уланта албай калган. Бул мезгилде ал тестиер курагында болгон. Ошол убактагы саясий кырдаалды Осмонкул жакшы түшүнүп, өз көзү менен көргөн. Үркүндөн кийин окуусун улантуу максатында 1918-жылы ал Олуя-Ата (Жамбыл) шаарындагы реальный училищага өтөт [2,18-б.]. Училищада Осмонкул 1919-жылга чейин гана окуйт. Анткени Октябрь революциясынан кийин реальный училищалар жоюлуп кеткен.

Кийин окуусун Ташкенттеги Казак-Кыргыз Агартуу институтунан улантты Осмонкул Алиев, Касым Тыныстанов, Базаркул Данияров, Мурат Салихов, Х. Карасаев ж.б. белгилүү кыргыз интеллигенттери билим алган Ташкент шаарындагы Казак-кыргыз Агартуу институту алгач Октябрь революциясынан кийин 1918-жылы 15-ноябрда казак-кыргыздар үчүн семинария болуп ачылган. Семинария – орто даражадагы окуу жайы болуп, максаты башталгыч мектептерге мугалимдерди даярдаган. 1920-жылга чейин 150 окуучуну даярдаган. 1920-жылдын 10-ноябрынан баштап бул семинария кеңейтилип, “Казак-кыргыз институту” болуп кайрадан уюштурулган. Институт балдар бакчасына, башталгыч мектептерге, мектептен сырткаркы таалим-тарбия иштерине жогорку билимдүү кадрларды даярдап берген [3, 34-б.] Казак-кыргыз Агартуу институтунун ачылышы менен казак-кыргыз интеллигенциялары биргелешип билим алып баштаган. Бул жогорку окуу жай тууралуу институттун директору А.Табынбаев “Ак жол” гезитинин 1921-жылы 16-январында №15 санындагы “Казак-кыргыз институту” деген макаласында институт тууралуу мындайча айтат:

- “Казак-кыргыз институтунун ачылышы Түркстан тарыхына жазылууга ылайыктуу десек болот. Анткени, бүгүн окуу ишинде эне тили менен башталгыч мектептен ары ашпаган өспүрүмдөрдү, балдар бакчасынан баштап университетке чейин өз тилинде окуталы деп отурабыз. Мына ушулардын баары Кеңеш өкмөтүнүн жолунун түздүгүнөн, теңчилик саясат менен өкмөт башындагылар чоң жыйындарды азайтып, ишке өткөнүнүн далили болсо керек. Андыктан казак-кыргыздын ичинен чыккан жигерлүү азаматтарыбыз ушуларды көрүп, сезип отуруп, жалааны заманга жаба шылтап, өз башынын камын көрүп жүрүшү орунсуз го деймин” [4] - деп казак-кыргыз жаштарын билим алууга чакырык жасаган. Аталган институтта окуп жүргөн мезгилде эле Осмонкул коомдук жана партиянын иштерине өз активдүүлүгүн көрсөткөн. 1919-жылы ВЛКСМдын катарына өтүп Ташкент шаарындагы комсомолдук уюмдардын уюштурулушуна жигердүү ишмердүүлүгүн көрсөтүп баштаган [5, 3-б.] 1921-1922-жылдары Ташкентте алгачкы комсомолдук уюмдарды уюштурууда өз салымын кошкон жана Ташкент шаардык комитетинин саясий-агартуу бөлүмүнүн башчысы болуп иш алып барып баштаган.

Ал институтка жаңы киргенде кыргыз балдардан Токо Абракман уулу, Жапар Шүкүр уулу даярдоо классында, төртүнчү жана үчүнчү курстарда: Базаркул Данияр уулу, Осмонкул Аалы уулу, Касым Тыныстан уулу, Мурат Салых уулу, Жоробек Сарыногой уулу, Абдыжапар Тагай уулу ж.б. окушкан [6, 35-б.]. Казак-кыргыз институнун жетекчиси А.Табынбаев болгон. Институтта жогорку билимдүү кадрлардын жетишсиздиги байкалган. Бир мугалим бир нече сабактарды берип турган. Мисалы, Файзулла Алимжанов бир нече сабактардан окуучуларга сабак берген. Институттагы мугалимдердин жетишсиздиги, катаал шарттар, окуу куралдарынын, китептердин аздыгы бүтүн бул кемчиликтерге карабай келечек кыргыз-казак жаш муундар билим алып алдыга умтулууга аракеттенишкен. Ал эми студенттердин илимге-билимге умтулууга институттун мугалимдери туура багыт берип, алардын коомдук иштерди уюштурууда колдон келишинче дайыма колдоо көрсөтүп, акыл-насааттарын айтып, келечек жаш муундардын сабаты ачылып билим алуусуна көмөкчү болушкан.

Жогоруда көрсөтүлгөн кыйынчылыктарды жеңип, Ташкенттеги Казак-Кыргыз эл Агартуу институтунан билимге сугарылып чыккан кыргыздардан 1923-жылы Осмонкул Алиев баш болгон, Базаркул Данияров, Адигине Ырысбеков, 1924-жылы Касым Тыныстанов, 1925-ж. Жоробек Саргоноев, Мурат

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Салихов ал эми 1928-жылы Кусеин Карасаев, Токо Абдрахманов, Жапар Шүкүров уядан учушкан [7, 158-б.].

Бул окуу жайды кыргыз студенттери ийгиликтүү жана артыкчылыктар менен аякташкан. Жогоруда саналган адамдар Казак-Кыргыз Агартуу институтун аяктаган кыргыз студенттери кыргыз илим-билимин өнүктүргөн эң алдыңкы кыргыз интеллигенциясынын алдыңкы өкүлдөрү болуп саналат.

Жогорку класста окуп жүргөндө беш-алты жигиттин бедели жогору турган. Алардын экөөсү кыргыздардан Осмонкул Алиев жана Касым Тыныстанов болгон. Анын институтта окуп жүргөн кезиндеги ишмердүүлүктөрү кийинки коомдук-саясий ишмердүүлүгүн ишке ашырууда чоң таасирин тийгизип коомдук-саясий ишмер катары калыптанышына өбөлгө болгон. Жалпылап айтканда, Ташкенттеги Казак-Кыргыз Агартуу институту кыргыз илим-билимин негиздөөчү тарыхый инсандарды тарбиялап чыгарган окуу жай катары кыргыз тарыхында маанилүү ролду ойногон.

Осмонкул Алиев 1923-жылы институтту бүтүргөн соң, институттагы жетишкендиктери жана коомдук иштердеги активдүүгү эске алынып жана жаш билимдүү, жигердүү болгондуктан 1924-жылы май айында Сыр-Дарыя обком комсомолунун уюштуруу бөлүмүнө жумушка алынат [8, 3-б.]. Хусеин Карасаевдин эскерүүсүндө Осмонкул комсомолдорго тарбия жөнүндө баяндамаларды жасап турган [9, 198-б.]. Бул мезгилде комсомолдун тартиби өтө катуу болгон. Комсомолдук уюштуруу иштерин алып барган, акыл-насаат, үгүт иштерин алып барган. Ушул эле жылдын сентябрь айында Сыр-Дарыя областынын Аулие-Ата шаарында уезддик элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1924-жылдын октябрь айынан - 1925-жылдын январына чейин Ташкент шаарында чыккан кыргыз элинин тунгуч гезити «Эркин-Тоонун» биринчи редактору болгон. 1925-1926-жылдары Пишпек шаарында ВЛКСМдин Кыргыз Автономиялуу областынын жооптуу катчысы болуп иштейт.

Кыргызстанда илимдин калыптанышына жана өнүгүүсүнө орус окумуштуулары Л.И. Берг, Д.И. Щербаков, В.И. Смирнов, А.П. Карпинский, В.Л. Комаров, К.И. Скрябин ж.б. зор салым кошкондугун белгилей кетүү абзел. Ушуну менен катар эле карапайым кыргыз элинин ичинен чыккан, элдин келечегине өз өмүрүн арнаган кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөө менен бирге илимге да жан-дили менен кызмат кылган белгилүү инсандарды унутта калтырганыбыз кечиримсиз. Илимдер Академиясы түзүлгөнгө чейин эле кыргыз элинин белгилүү азаматтары – Эшенаалы Арабаев, Базаркул Данияров, Касым Тыныстанов, Осмонкул Алиев ж.б. кыргыз тилинин алфавитин, кыргыз алиппесин, башталгыч класстын окуучулары үчүн жана сабатсыз чоңдорго окуу китебин түзүү сыяктуу иштерди аткарууга зор аракеттерди жасашкан.

**Адабияттар:**


1. Отуз жетинчи жыл Кыргызстанда. (Кайтарылган ысымдар) / Түз. И.Е. Семенов; которгон Ж.Тынаев. - Бишкек: Кыргызстан, 1991. - 333 б.
2. У истоков кыргызской национальной государственности / Т.А. Абдыкаров, С. Аттокуров, В. Воропаева и др.; редкол.: Т.К. Койчуев, В.М. Плоских, Т.У. Усубалиев. - Бишкек: Илим, 1996. - 384 с.
3. Байдилдеев Ж. Кыргыз-казак интеллигенциясынын байланыштары. - Бишкек, 2015. - 34-б.
4. “Ак жол” гезити. - №15. - 16-январь. - 1921-ж.
5. КР КСДА. Ф.10. Оп.15. Д.137., 3-б.
6. Байдилдеев Ж. Кыргыз-казак интелллигенциясынын байланыштары. - Бишкек, 2015. - 35-б.
7. Болпонова А.В. Касым Тыныстанов – ученый и государственный деятель Кыргызстана / А.В. Болпонова. - Бишкек, 2003. - 158 с.
8. КР БМ КСДА. Ф.10. Оп.15. Д.137. - 3-б.
9. Карасаев Х. Үч доор. - Бишкек: Кыргызстан, 2002. - 198-б.